**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ, ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ**

**Заманбап Кыргыз мамлекетинин өнүгүүсүнө, Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына, Баткен областынын 25 жылдыгына арналган "Сапаттуу билим – заманбап өнүгүүнүн руханий азыгы" – аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын**

# Т Е З И С Т Е Р Ж Ы Й Н А Г Ы

**Баткен шаары. 01.03. 2024-жыл.**

**Илим сенин — акылыңды арттырат,**
**Жарык дүйнө түркүн сырын жат кылат.**
**Түшүнөт билим баркын акылмандар,**
**Билимди сыйлай билет окугандар**
**Жусуп Баласагын**

## ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН УЮШТУРУУ ТОБУ:

| **Ардактуу төрагалар:** | **Иштеген жери, кызмат орду, илимий даражасы** |
|---|---|
| Гыязов Айдарбек Токторович<br><br>Саматова Абиба Абдиламитовна | Баткен мамлекеттик университетинин ректору, э.и.д., профессор;<br>Баткен мамлекеттик университетинин Илим жана уюштуруу иштери боюнча проректору. |
| **Уюштуруу комитетинин төрагалары:** | **Иштеген жери, кызмат орду, илимий даражасы** |
| Айдарова Мисилимкан Довлатовна | Баткен мамлекеттик университетинин Табигый, гуманитардык жана педагогикалык факультетини деканы п.и.к., профессордун м.а.; |
| Алимбеков Акматали | Кыргыз -Түрк “Манас” университетинин педагогика бөлүмүнүн башчысы, п.и.д., профессор. |
| Калдыбаева Айчүрөк Токтополотовна | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын башчысы, п.и.д., профессор; |
| **Уюштуруу комитети:** | **Иштеген жери, кызмат орду, илимий даражасы** |
| Бердиев Асан Токсонович | БатМУ, КГПИнин директору, т.и.к., доцент. |
| Зулпуев Султан Момунович | БатМУ, КЭУТИнин директору, э.и.к., доцент. |
| Камбаров Айипбек Кадырович | БатМУ, СГЭИнин директору, п.и.к., доцент |
| Азамбаев Увраимберди | БатМУнун Педагогикалык билим берүү кафедрасынын башчысы |
| Эсенгулова Миргүл Молутбековна | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессору, п.и.к. |
| Сулайманова Рахат | Ж. Баласагын атындагы КУУнун И.Ч.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун директору, п.и.д., доцент |
| Сакиева Саипжамал | Б.Осмонов атындагы ЖАМунун педагогика кафедрасынын башчысы п.и.д., профессор. |
| Жутанова Гульмира | ОшМУнун педагогика кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент |
| Даминова Инабат | А. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун педагогика кафедрасынын башчысы п.и.к. доцент |

## РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:


| | | |
|---|---|---|
| 1. Проф. докт. Таиров Миталип | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 2. Проф.докт. Рысбаев Сулайман | Кыргыз Билим берүү академиясы | **Кыргызстан** |
| 3. Доц.канд. Миралы кызы Анара | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 4. Проф.канд. Кадыров Абдинаби | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 5. Доц.канд. Шеров Шайырбек | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 6. Доц.канд. Байгесеков Абдибаит | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 7. Доц.канд. Бердиев Асан | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 8. Доц.канд. Зулпуев Султан | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 9. Проф. докт. Калдыбаева Айчүрөк | И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 10. Доц.канд. Айдарова Мисилимкан | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 11.Проф. докт. Галимзиянова Илхамия | Казань мамлекеттик консерваториясы | **Россия** |
| 12.Проф. докт. Мусурмонова Ойнисо | Низами Ташкент мам-к пед-к университети | **Өзбекстан** |
| 13.Проф. докт. Петрова Татьяна | Чуваш мамлекеттик педагогикалык университети | **Россия** |
| 14.Проф. докт. Алгожаева Нурсулуу | Аль-Фараби Казак мамлекеттик университети | **Казакстан** |
| 15. Проф. докт. Бакыт Боркоев | Кыргыз-Түрк “Манас” университети | **Кыргызстан** |
| 16. Проф. докт. Эрдал Бай | Газиантеп университети | **Түркия** |
| 17. Доц. докт. Курсабаев Мухаммедрахим | Абай мамлекеттик педагогикалык университети | **Казакстан** |
| 18. Доц.канд. Таиров Кубаныч | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 19. Доц.канд. Кошматова Жылдыз | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 20.Доц.канд. Эргешали кызы Айчүрөк | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 21. Умарова Рита Нуридиновна | А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ | **Кыргызстан** |
| 22. Доц.канд. Шерова Атыргүл | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 23. Доц.канд. Кадыров Акжол | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 24. Доц.канд. Каранова Толгонай | Баткен мамлекеттик университети | **Кыргызстан** |
| 25. Ага окут. докт. Икрам Чынар | Кафкас университети | **Түркия** |
| 26. Доц. докт. Явуз Эржан Гүл | Кыргыз-Түрк “Манас” университети | **Кыргызстан** |
| **Секретариат** | | |
| Саттаров Жолболду Омурзакович | Баткен мамлекеттик университети | |
| Холбекова Гүлшода Нуридиновна | Баткен мамлекеттик университети | |

# МУГАЛИМ МЕНЕН ОКУУЧУНУН КАРЫМ-КАТНАШ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ПСИХОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ

**Айдарова Мисилимкан Довлатовна, Эргешали кызы Актилек, Эргешали кызы Айчүрөк**

**Баткен мамлекеттик университети**

aydarova.13@mail.ru

Orcid: https://orcid.org/0009-0001-6022-3869

Билим берүү чөйрөсүндөгү психологиялык коопсуздук түшүнүгү, окуучулардын психо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү, алардын эмоционалдык абалын аныктоо, өз ара мамиледеги мугалим менен окуучунун бири-бирине болгон эмоционалдык абалдары – окуучунун чыныгы инсан катары калыптануусунда эң негизги орунда турат. Бул маселе бүгүнкү күндөгү **заманбап жана сапаттуу билим берүү** процессинин актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири болуп эсептелет.

Психологиялык коопсуздук – бул адамдын өз көз карашын, каалоолорун эркин билдирүү, жүрүм-турумун, эмоционалдык абалын өз алдынча жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү менен шартталган жан дүйнөнүн, чөйрөнүн ар кандай терс таасирлеринен корголгондук абалы. Ал эми, билим берүү чөйрөсүндөгү психологиялык коопсуздук – бул окутуу процессиндеги карым-катнаштын, мамилелешүүнүн өз ара ишенимдин негизинде түзүүлүсү. Тактап айтканда, билим берүү процессинин катышуучуларынын инсандыгынын, ден соолугунун, психологиялык-эмоционалдык абалынын жана рухий жан дүйнөсүнүн психологиялык зордук-зомбулуктун көрүнүшүнөн корголгон абалда коопсуздукту сезе билүүлөрү.

Бүгүнкү күндө окуучулардын психологиялык коопсуздугуна коркунуч жараткан кырдаалдарды баамдай билүү көндүмдөрүн өздөштүрүү – мугалимдин негизги милдети катары каралат. Анткени, ааламдашуу шартындагы инсандын жашоо шартынын жана эмгегинин технологиясы тез өзгөрүүүгө учурап, анын таасири түрдүү психологиялык кубулуштарды пайда кылып, стресстик абалдарды жаратып жатат. Окуучулар көпчүлүк учурда мындай абалга өзүнүн мүмкүнчүлүгүн, жөндөмүн жетишерлик эмес деп сезишет. Натыйжада алар агрессивдүү абалдарга туш болушуп, үй-бүлөдө, коомчулукта өз ара келишпестиктен улам чыр-чатактар көбөйүп жатат.

Аталган кризистик кырдаалдын мектеп курагындагы окуучулардын психо-физиологиялык абалына терс таасирин тийгизип жаткандыгы чоңдор тарабынан чечкиндүү аракеттерди көрүү зарылдыгын шарттайт. Алсак, акыркы жылдары окуучулар арасында стресс, депрессияга кабылуу, өз өмүрүнө кол салуу, пессимистик көз караштардын орун алуусу, өзүнө болгон ишенимдин төмөндөөсү, өзүнүн келечеги, кызыкчылыктары, умтулуулары, жашоодогу позициясы үчүн күрөшүүдө эрктик сапаттарынын жетишсиздиги сыяктуу бир топ көйгөйлүү маселелер жаралууда. Бул учурда **заманбап жана сапаттуу билим берүү талаптары** – окуучулардын психологиялык коопсуздугуна коркунуч жараткан жагдайлардын алдын алуу, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, мектеп курагындагы окуучулардын психо-физиологиялык абалына терс таасирин тийгизип жаткан кризистик кырдаалдардын натыйжалары болгон стресс, депрессияга кабылуунун алдын алуу, жашоого болгон пессимистик көз караштардын пайда болуусуна өбөлгө жараткан учурларды аныктап, изилдөө иштерин жүргүзүү макаланын мазмунун түзөт. Жыйынтыгында билим берүү чөйрөсүндөгү психологиялык коопсуздук феноменинин учурдагы абалы жөнүндөгү маалыматтарга талдоо жүргүзүлүп, алардын негизинде практикалык сунуштар иштелип чыгылды.

**Негизги сөздөр:** психологиялык коопсуздук, эмоционалдык абал, сапаттуу билим, мугалим, окуучу, өз ара мамиле

## КЫРГЫЗ КЫЗ-КЕЛИНДЕРИНИН САЛТТЫК КИЙИМДЕРИНИН ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ

**Акматали Алимбеков**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети**
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.
Orcid: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

Кыргыздардын кыз балдарга таандык улуттук кийим кечелеринин эстетикалык чен-өлчөмдөрүндө көчмөн турмуштун шарт ыңгайлары жана этностун кулк-мүнөзү, салт-санаасы, үрп-адаты, ой жорумдары, дүйнө тааным маданиятынын баалуулуктары толук сакталган. Кыргыздарда кыз-келиндеринин чачынын жана дене мүчөлөрүнүн көрктүүлүгүн арттыруу үчүн ак жиптен же ак кебезден чыйратылып жасалган *чачучтуктар, күмүштөн жасалган чолпулар, кулак сөйкөлөр, мончок, шуру, бой тумар* ж.б. колдонулган. Бул курактагы кыздардын көркүнө көрк кошкон кийимдердин катарына *кызыл чыптама, тик жака, кош этек көйнөк, «такыя топу»* кирген. Кыздардын көркөмдүү келишимдүүлүгүн арттырууда түрдүү кездемелерден жасалган *тебетейлер, шөкүлөлөр* өзгөчө эстетикалык функцияны аткарган. Айрым маалыматтар боюнча шөкүлө кыз узатуу тойлорунда гана кийилген. Энеси кызга бак-таалай тилеп анын такыясын чечип ордуна шөкүлө кийгизген. Шөкүлө өтө кооз болгону менен аны кийип иш кылуу ыңгайсыз болгондуктан кыз узатуу салтанаттарында гана кийилген.

Ак жоолукту көкүрөгүн, жүзүн жабуу максатында турмушка чыга электе салына баштакан. Бирок, кыз кезинде жоолугун артын карай байласа, кайын журтунун босогосун аттар замат ээгин ороп байлаган. Ак жоолукту түшпөй салынып жүрүү, ак жоолугу менен улуулар алдында жүгүнүп ызаат көрсөтүү аял затынын адеп-салтка, ыймангa бекемдигинин көрсөткүчү катары кабылданган. Мындай ыйманы ысык келиндерге улуулар «Ак жоолугуң башыңан ообасын, Алганың менен тең кары» – деп бата берип алкашкан. Келин болуп бир канча балалуу болгон же байбиче куракка жетип кадыр-наркк күткөн аялдардын сымбатын «ак элечексиз» элестетүүгө мүмкүн болбогон. Кийимдердин атайылап кооздолуп, шөкөттөлүшү жагынан кыз-келиндердин кийим-кечелери өзгөчөлүккө ээ болгон. Кыздар кундуз, суусар, көрпө тебетей кийишкен. Кундуз, суусар тебетейди колунда барлардын кыздары кийсе, шарты жоктор кыздарына көрпөдөн тигип беришкен. Кыздардын тебетейинин тышы кызыл манат, баркыт менен тышталып, чокусуна үкүнүн канаты, айрым учурда чоң чачы тагылган. Баяндамада дал ушул маселелер көп кырдуу фактылардын негизинде ачылып көрсөтүлөт.

**Негизги сөздөр:** кыргыз кыз-келин, салт, кийим эстетика, тарбия

## КЫРГЫЗСТАН ЖАНА ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАЛАРЫНДАГЫ МЕКТЕП ДИРЕКТОРУНУН МИЛДЕТТЕРИНИН ОКШОШТУКТАРЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Алмарсбек кызы Айканыш**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети**
aykanyshalmarsbekkyzy@gmail.com
ORCID ID: https://orcid.org/0000-0002-6289-0948
**Акматали Алимбеков**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети**
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.
Orcid: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

Сунушталган билдирүүдө Кыргызстан жана Түркиядагы мектеп директорунун милдеттеринин окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү талдоого алынды. Бул багытта маалымат чогултуу жана аларды талдоо иштери сапаттык изилдөө моделининин алкагында жүргүзүлдү. Маалымат булактары катары Түркия мектеп директору жана алардын милдеттерин талдоого алган изилдөөлөр, Кыргызстан мектеп директорунун милдеттерине байланыштуу расмий нормативдик документтер колдонулду. Эки өлкөдө тең мектеп директорлору **к**адрларды туура тандоо жана жайгаштыруу жана тандоо, педагогикалык коллективди жетектөө, мугалимдердин чыгармачылык жактан өнүгүп өсүшү үчүн кам көрүү, окуу тарбия процессинин жүрүшүнө, балдардын кишилик касиеттеринин өнүгүшүнө көзөмөл жүргүзүү сыяктуу көп кырдуу милдеттерди аткарат. Түркияда соңку жылдары мектеп директорунун көрөгөч лидерлик, кеңешчи нускама лидерлик, маданий лидерлик, социалдык лидерлик, уюштурууучулук лидерлик, этикалык лидерлик деген типтери өзгөчө талкууланып келүүдө. Эки өлкөдө тең мектепти өз калыбында сактап калуу жана анын белгиленген максаттарына ылайык өнүктүрүү, ийгиликке жеткирүү мектеп директорлорунун компетенттүүлүктөрүнөн көз каранды деген көз караш басымдуулук кылат.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, Түркия мектеп, директор, милдетери.

## ӨСПҮРҮМ КУРАКТАГЫ ОКУУЧУЛАРДЫ ҮЙ-БҮЛӨДӨ АДЕП-САЛТТЫ САКТООГО ТАРБИЯЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Азамбаев Увраимберди, Айдарова Мисилимкан Довлатовна, Эргешали кызы Айчүрөк**

**Баткен мамлекеттик университети**

aydarova.13@mail.ru

Orcid: https://orcid.org/0009-0001-6022-3869

Кыргыз элинин байыртадан келе жаткан элдик тарбиясында жаш жеткинчектердеги ак пейилдүүлүктүн, адамгерчиликтин өрнөгү катары улууларды урматтоого, кичүүлөрдү ызаттоо маданиятын өнүктүрүүгө, үйрөтүүгө өзгөчө терең маани берилген. Бул жаштардын адеп-ахлагынын, жүрүм-турумунун, адеп-нарктуулугунун, жакшы таалим тарбия алгандыгынын эң негизги натыйжасы катары каралган.

Бул макалада кыргыз элинин улуттук баалуулугун, элдик педагогикалык нарк-насилдерди, адеп-салттарды жаш өспүрүмдөргө үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү, жашоо тиричиликтеги колдонулуп жүргөн салттуу эрежелер, жашоодогу маани-маңызы, кыргыздардын урпактарды адептүүлүккө тарбиялоо системасында жети атасын билүү талаптары орчундуу мааниге ээ экендиги, улууларды урматтоо тууралуу айтылган ар түрдүү терминдер: чоң ата, чоң эне, чоң аба, тайата, тайэне, аба, эже, тайке, байке деп, чон сый менен айтылгандыгы, алардын жаштарды тарбиялоого тийгизген таасири баяндалат.

**Заманбап жана сапаттуу билим берүү** процессинде илимий педагогика менен элдик педагогиканы айкалыштырып окутуу улуттук идеологияны, улуттук баалууктарды сактап, өнүктүрүп, дүйнөлүк билим берүү деңгээлине чейин алып чыгууга өбөлгө болоору шексиз. Анткени, кыргыз элинде бала тарбиялоо салты өзгөчө нукта, салттуу эрежелердин, адеп-ахлактын негизинде жүргүзүлүп, муундан-муунга өтүп келген. Айрыкча өспүрүм курактагы окуучуларды үй-бүлөдө адеп-салтты сактоого тарбиялоо иштери ата- энелерге да байланыштуу экендигине басым жасоо менен, элдик-педагогикалык эреже-салттарга талдоо жүргүзүү бүгүнкү күндөгү сапаттуу билим берүүнүн негизги талабы болуп эсептелет. Үй-бүлөдө ата-эненин жүрүм-туруму, салт санаасы, жашоо образы төп келген учурда мектеп окуучулары, ата-энеден, күндөлүк жашоодон алган үлгүлөрү, таалим тарбия, процессинде көндүмгө айланары бышык кеп. Үй-бүлөдө, көбүнчө үйдө ата-энеден алган

таалим тарбиядагы оң, терс көрүнүштөр бизге, биздин үй-бүлөгө, коомчулукка таасир калтырат. Ошондуктан, үй-бүлөдө ата эне элдик нарк-насилдерди, адат-салттарды туура баамдап, жашоо эрежелерине айландырып, өз баласынын аң-сезимине сиңирип, жүрүм-турумуна калыптап, салттык эреже терминдерди жаштайынан күндөлүк жашоодогу көндүмгө айландыруусу **азыркы заманбап жана сапаттуу билим берүүнүн талабы** катары каралат. Ал эми, бул салттык тарбиялоо процессинин практикалык маанисин, иш жүзүндөгү абалын аңдап көрүп, анализдеп, конкреттүү чечимдерди кабыл алып, коомчулукка жайылтуу билим берүү майданында эмгектенген педагогдорго, тарбиячыларга милдеттендирилет. Алар бул маселени өз ишмердүүлүгүнүн негизги бөлүгү катары кабылдап, бул багытта системалуу, максаттуу пландалган ишмердүүлүктү жүргүзүү менен психологиялык жактан көңүл бурууга муктаж болгон өспүрүм курактагы окуучуларга жана келечек муундарга элдик адеп-салттык тарбиянын калыптануусуна мүмкүнчүлүк түзүү менен маселенин натыйжалуу чечилүүсүнө себепчи болушат.

**Негизги сөздөр:** үй-бүлө, адеп-салт, тарбиялоо, өспүрүм курак, сапаттуу билим.

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА ХИМИЯ САБАКТАРЫН ОНЛАЙН ОКУТУУДА ВИДЕОНУ КОЛДОНУУНУН ТАЖРЫЙБАЛАРЫ

**Бакыт Боркоев, Калипа Салиева, Айдай Жумадилова**
Кыргыз-Түрк "Манас" университети, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**bakyt.borkoev@manas.edu.kg, kalipa.salieva@manas.edu.kg,**
**aidaizhumadilova.ois@gmail.com**
**Orcid: https://orcid.org/0000-0001-9456-2108, https://orcid.org/0000-0003-3259-2058**

Пандемия учурунда дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө билим берүү шашылыш аралыктан/онлайн окутуу форматына өтүштү. 2020-жылдын март айынан баштап Кыргызстанда билим берүүнүн бардык тармактарында убактылуу онлайн окутуу киргизилди. Бирок көптөгөн маселелер (студенттин социалдык абалы, интернетке кирүү көйгөйлөрү, географиялык өзгөчөлүк, мугалимдердин сабак өтүүдө интернет технологиясын колдонуу тажрыйбалары ж.б.) өлкөдөгү онлайн билим берүүдөгү тоскоолдуктар жана шарттарды иретке келтирүү керектигин тастыктады. Иштин максаты жогорку окуу жайларда химия сабактарын онлайн окутууда видеону колдонуунун тажрыйбаларын анализдөө болуп саналат. Видеону колдонуу окуучулардын билим алуусуна жана көндүмдөрүнө жакшы таасир этет. Сабакты видеону колдонуп окутуу жана үйрөнүүнүн таасири видеонун сапатына, окуу мазмунуна жана видеодогу интерактивдүү элементтерге көз каранды. Бирок, видеолорду көрүү менен үйрөнүү студенттер үчүн көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн, анткени окутуунун формасы пассивдүү. Буга чейинки изилдөөлөр көрсөткөндөй, эгерде видео жакшы иштелип чыкпаса, анда мазмун көрсөтүлгөн окутуу жана үйрөнүү максаттарына толук жооп бербейт. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде билим берүү уюмдарынын техникалык базасын кеңейтүү, окутуучулардын кесиптик компетенцияларын жогорулатуу жөнүндө тыянактар чыгарылды. Видеоконференцияларды, файлдарды бөлүшүүнү жана онлайн материалдарды көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү программаларын колдонууну зарылдыгы көрсөтүлдү.

Окутуу программаларын өркүндөтүү үчүн окутуучулардын, студенттердин оң жана терс тажрыйбаларын жалпылоо, жабдууларды жана программалык камсыздоолорну сатып алуу жана ишке ашыруу, жогорку окуу жайлардын өнүгүү программаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү маанилүү экендиги белгиленди.

**Негизги сөздөр:** аралыктан/онлайн окутуу, химия, видео, пандемия, ЖОЖ окутуучулары.

## Образ идеального учителя в творчестве Чынгыза Айтматова

**Акматалиева Аида**
Orcid: 0000-0003-0608-8982
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Кыргызстан, Бишкек**
akmatalievaaida1@gmail.com
Проф. Докт. Явуз Эржан Гул
Orcid: 0000-0002-8191-2647
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Кыргызстан, Бишкек**
yavuz.gul@manas.edu.kg

Когда речь заходит о кыргызской литературе, первое, что приходит на ум, несомненно, Чынгыз Айтматов. Айтматов входит в число самых читаемых писателей мира. Его произведения переведены более чем на 170 языков, а общее количество экземпляров превысило 60 миллионов. Произведения автора привлекли внимание мировых читателей как своей литературной, так и философской глубиной. Айтматов в своих произведениях берёт за основу народные педагогические произведения с системой моральных ценностей, что, несомненно, помогло ему стать национальным писателем. Одним из самых ярких произведений Айтматова является произведение "Первый учитель". Целью данного исследования является составление образа идеального учителя в произведении Чынгыза Айтматова. По результатам исследования: идеальный учитель целеустремлен в обучении и в развитии подрастающего поколения; он предан детям и любит учеников; умеет выходить из психологии толпы; обладает критическим мышлением; терпелив и у него огромное желание обучать; обладает энтузиазмом.

**Ключевые слова:** Чынгыз Айтматов, идеальный учитель, учитель, образование.

## ХИМИЯ БАГЫТЫНДА ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮН АКТИВДЕШТИРҮҮ

**Бакыт Боркоев, Назгүл Аданбаева, Жанарбек Боркоев**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Ош мамлекеттик университети**
bakyt.borkoev@manas.edu.kg, nazgul.adanbaeva@manas.edu.kg, janarht98@mail.ru
Orcid: https://orcid.org/0000-0001-9456-2108

Химия багытында окуган студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин эң маанилүү компоненттеринин бири болуп эсептелет. Анын жүрүшүндө окуу-илимий, кесиптик ишмердүүлүктөгү билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн калыптанышы, болочок адистин, азыркы күндүн талабына жооп бере ала турган, кесиптик жактан компетенттүү, өз алдынча иштей билген, проблемаларды өз алдынча чече билген, жөндөмдүү адистердин калыптанышы ишке ашат.

Химия сабагынан студенттердин өз алдынча иштөөсүн активдештирүү үчүн окутуунун каражаты катары маалыматтык коммуникациялык технологиялардын (МКТ) мүмкүнчүлүктөрүн талдоо жана аны натыйжалуу колдонуунун керектигин адабияттык анализдөөлөр көрсөттү. Учурда МКТ химияны окутуу үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү (электрондук тармактык окуу китептери, химия боюнча экзаменге даярдануу үчүн, өз алдынча даярдануу үчүн окуу китептери, онлайн тренажерлор, интерактивдүү тиркемелер, виртуалдык лаборатория ж.б.) сунуштайт жана көрүнбөгөн объектилердин моделдерин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Үйдө өз алдынча окуу иштерин уюштуруу үчүн МКТ колдонуу өз алдынча иштөөгө эң ылайыктуу экенин көрсөттү.

Студенттердин өз алдынча иштөөсүн өнүктүрүүнүн эң орчундуу жолу катары ал ишти индивидуалдаштыруу эсептелет. Окутууну индивидуалдаштырууда, б.а. студенттердин өз алдынча иштөөсү үчүн индивидуалдык тапшырмаларды иштеп чыгуу, адамдардын интеллектуалдык сапаттарынын ар түрдүүлүгүнө таянууга байланыштуу.

Студенттердин активдүү өз алдынча иштөөсү олуттуу жана туруктуу мотивация бар болгон учурда гана болот. Эң күчтүү мотивация берүүчү фактор болуп – алдыдагы эффективдүү кесиптик ишмердүүлүккө даярдык болуп эсептелет.

**Негизги сөздөр:** өз алдынча иштөө, химия, МКТ, студент.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН НЕГИЗГИ ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕПТЕРИНИН 6-КЛАССТАРЫНЫН АНГЛИС ТИЛИ ОКУУ КИТЕБИНДЕГИ БААЛУУЛУКТАРДЫН АНАЛИЗИ

**Айпери Кубатова**

Кыргыз-Түрк “Манас” университети. aiperikubatova99@gmail.com

ORCİD: https://orcid.org/0009-0004-1794-3766

**Акматали Алимбеков**

Кыргыз-Түрк “Манас” университети. akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.

ORCİD: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

Бул изилдөөнүн максаты – Кыргызстандын негизги жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-класстарынын англис тили окуу китебиндеги баалуулуктарды анализдөө. Бул изилдөөдө сапатты изилдөө методунан абалды аныктоо модели колдонулган. Маалыматтар сапаттык изилдөө ыкмаларынын бири болгон документтерди талдоо аркылуу чогултулган. Документтерди талдоо процесинде чогултулган маалыматтар каралып, талданып, белгилүү категориялар боюнча чогултулган жана бул процесте контент анализи колдонулган. Изилдөөдөнун мааламат булагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген О. Р. Балута, Ч. А. Абдышева, Г. Д. Назарбекова, А. А. Жолчиевалар тарабынан даярдалган Англис тили окуу китеби (2018). Баалуулук коомдогу инсандарды байланыштырган, коомдун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылган эң маанилүү элемент. Дүйнөдө ар бир инсанга, ар бир коомго жана ар бир маданиятка жараша ар кандай жолдор менен кабыл алынган баалуулуктар бар болсо да, бүткүл дүйнө кабыл алган негизги универсалдуу баалуулуктар да бар. Сыйлоо, тилектештик, сабырдуулук, боорукердик, кайраттуулук жана башка бардык баалуулуктар бирге жашоонун жана бирге болуунун, бактылуу жана тынчтыктын негизги курулуш материалы болуп саналат.

Адамдын жүрүм-турумун багыттоо, коомдук мамилелерди жөнгө салуу сыяктуу кызматтарга ээ болгон баалуулук инсандын жана коомдун жүрүм-турумуна жана жашоосуна багыт берүүчү критерийлерди камтыйт. Жаңы муундарга кайрымдуулук, чынчылдык, адилеттүүлүк, жоопкерчилик, өзүн жана башка адамдарды сыйлоо сыяктуу жалпы адамзатка таандык улуттук да, негизги жалпы адамзаттык баалуулуктарды да өткөрүп берүү зарыл. Баалуулуктар боюнча билим берүү - бул өткөрүп берүүнүн эң системалуу жолдорунун бири. Окуу китеби эң белгилүү жана эң көп колдонулган кошумча окуу материалы катары жалпы адамзаттык баалуулуктарды өткөрүп берүүдө маанилүү роль ойнойт. Баалуулуктарды өткөрүп берүүнү камсыз кыла турган дагы бир элемент бул тил.

Окуу китебиндеги бул маселелердин изилдөөнүн жыйынтыгы макалынын толук текстинде чагылдырылат.

**Негизги сөздөр:** баалуулуктар, англис тили, окуу китеп, иллюстрация.

## КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТАРЫХЫЙ БАШАТТАРЫ

**Акматали Алимбеков**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университети**
akmatali.alimbekov@manas.edu.kg.
Orcid: https://orcid.org/0000-0002-9824-5377

Ар кандай элдин салттуу тарбия маданиятынын, билим берүү системасынын тарыхы аны жараткан жана колдонгон элдин тарыхы менен түздөн-түз байланышта болгондуктан аларды бири-биринен бөлүп кароого болбойт. Ушул ыңгайдан караганда Кыргызстандын билим берүү системасынын тарыхый максатын, мазмунун, масштабын бири - биринен олуттуу айрымалуу бир катар этаптарга бөлүп кароого болот.

Бул билдирүүдө кыргыздардын көчмөндүк доорлордогу билим берүү салттары жана ошондой эле кыргыз жериндеги Советтик доорго чейинки расмий таалим-тарбия иштери тарыхый ретроспективалык аспекттеги паралелдер аркылуу ачыкталат. Колдо болгон фактылар кыргыздардын уникалдуу тарыхка ээ жана дүйнөлүк маданияттын казынасына өз салымын кошкон түрдүү коомдук шарттарда акыл менен билимди башкы баалуулук катары караган таланттуу жана жоомарт эл болндугун көрсөтүп турат. Арийне кыргыздардын көчмөн, катаал жашоо образы, балдардын жоопкерчиликтүү жана эркүү болууга, кала берсе кара күчтү кошо тарбиялоонун зарылдыгын талап кылып турган. Бирок, эл «Билегиңе ишенбей, билимиңе ишен», «Колуң чолок болсо да, оюң чолок болбосун» - деп ар кандай иште акыл, билим керектигин келген. Балдарга өнөр менен билимдин көзүн таанытып, турмушка даярдап такшалдырууда акындар, манасчылар, санжырачылар, дыйкандар, зергерлер, усталар, уздардын орду чоң болгон.

Кыргыздар руникалык таш жазуулардан бөлөк, калем алып кат таанып уйгур, тибет жазуусун өздөштүрүшкөн. VII-IX кылымдарда кыргыз каганатынын жөндөмдүү уландары Тибет, Кидань мамлекеттеринде окуп билим алгандыктары тууралуу маалымат чыгыш булактарында кабарланат. XIX кылымдын экинчи жарымынан бери карай кыргыз урууларынын арасында диний үгүт-насаат күчөп, балдарга диний таалим берүү салты түптөлгөн; бирин-серин кыргыз жаштары Кыргызстан аймагында татарлар, өзбектер, уйгурлар, дунгандар уюштурган медреселерде окуган, айрымдары азыркы Өзбекстан, Тажикстан, Уйгурстан, Татарстан, Башкырстан, атүгүл Азербайжан аймактарында иштеп турган медреселерге барып окуган. Ири медреселер катары Оштон башка Өзгөндө Арап байдын, Жаныбек жана анын агасы Алибектин, Фахруддин молдонун, Куршабда Жусупбек казынын, Эраалы миңбашынын, Кара-Сууда Али-Кули Хасан бийдин, Жалал-Абадда Мырзакул болуштун, Кадамжайдын Пум деген жериндеги Абдыкайым эшендин, Кызыл-Булак айлындагы Молдо Нияздын ж.б. адамдардын медресеси иштеген. Медреселерден тышкары Совет дооруна чейин Кыргызстанда төмөнкүдөй эки мектептин модели жашап келген. Алардын биринчиси келгин татар агартуучулары тарабынан ачылган «усул-и-жадид» (жаңы метод) мектептери. Совет дооруна чейинки экинчи бир билим очогу бул «орус туземдик» мектептери болгон. Билдирүүдө жогорудагы тарыхый мезгилдердеги кыргыз коомундагы билим берүү иштери

**Негизги сөздөр:** кыргыз коому, тарых, билим берүү.

## ТҮРКИЯНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ТАРЫХЫНДАГЫ "АЙЫЛ ИНСТИТУТТАРЫНЫН» ОРДУ

**Фатима Арынова**
Кыргыз-Түрк Манас Университети

2201.08008@manas.edu.kg

Бул изилдөөнүн максаты Түркия Республиксындагы “айыл институттарынын” өлкөнүн экономикалык, социалдык, маданий, билим берүү тармагындагы өнүгүшүндөгү орду талдоого алуу. Бул курум Улуттук билим берүү министри Хасан Али Йүжел менен Исмаил Хаккы Тонгучтун аракети жана ошол мезгилдин өлкө башчысы Исмет Инонунун колдоосу менен ачылган. Институттардын биринчи расмий окуу планы 1943-жылы жарык көргөн. Максаты айыл жеринде башталгыч мектепти бүтүргөн ийгиликтүү окуучулардан мугалим, фельдшер, техник сыяктуу башка кесип ээлерин даярдап кайра айылга барып иштөөсүн камсыз кылууга багытталган. Айылдык институттар белгилүү өлчөмдө айыл маданиятын көтөрүүгө жарамдуу жаңы типтеги мугалимдер армиясын даярдоодо өзгөчө роль ойногон. Бул долбоордун дагы бир максаты билим берүү аркылуу айыл чарба экономикасын рационализациялоо болгон. Айылдык институттар долбоору мектеп жашындагыдай эле коомчулукка билим берүү, айыл тургундарын экономикалык, социалдык жана маданий тармактарда активдүү кылуу, алардын аң-сезимин жогорулатуу, ошону менен айылдын структурасын түп-тамырынан бери өзгөртүүгө жетишүүнү көздөгөн.

Бул долбоордун алкагында Түркиянын айыл мектептери үчүн болжол менен 3000 саламаттыкты сактоо адиси, акушеркалар жана техниктер даярдалган. Айылдык 1398 кыз жана 15943 эркектер 1953-жылга чейин “айыл институттарынын” дипломуна ээ болушкан. Бул мекемелерден көптөгөн жазуучулар, адабиятчылар, акындар, басмачылар, илимпоздор жана саясатчылар билим алышып өлкөнүн өнүгүшүнө олуттуу салым кошушкан. Бул институттар 1954-жылы жабылган, бирок, өлкөнүн өнүгүшүндөгү орду олуттуу тарыхый факт катары бааланып келет.

**Негизги сөздөр: “**Айыл институттары”, мугалимдерди даярдоо, коом, өнүктүрүү

## САПАТТУУ САБАК ӨТҮҮДӨГҮ МУГАЛИМДИН ЖАНДУУ МАМИЛЕСИНИН ОРДУ

**Даминова И., Кенешова Н.**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
dinabat@list.ru

Кыргыз мамлекетинин приоритеттик багыттарынын бири – билим берүү системасы жана аны андан ары өнүктүрүү милдеттери коюлуп келе жатат. Коомдо мамлекеттин өнүгүшү, экономикалык жактан кандай болушу, ошол мамлекеттин билим берүү сапатына көз каранды болоорун турмуш тастыкттоодо. Билим берүүнүн сапаты учурда даярдалып жаткан педагогикалык адистерге, иштеп жаткан мугалимдердин аракеттерине таандык.

Ошондуктан коом мугалимдерге өзгөчө талапты жогору коёт. “Билим кенч – эмгек анын ачкычы” – дейт. Окуучулардагы билимге болгон, кызыгуусун, умтулуусун, каалоосун пайда кылуу мугалим менен окуучунун ортосундагы мамилеге түздөн- түз көз каранды. Бул жөнүндө советтик педагог В. А. Сухомлинский “Окутуу, үйрөтүү – бул билим берүүнүн механикалык түрү эмес, бул адамдардын бири-бирине болгон эн татаал мамилеси” – деп белгиленген. “Эмгек бар жерде жылыш бар, жылыш бар жерде ырыс бар” деген макал бар, бул калетсиз чындык, анкени мугалим окуучуларды келечектеги турмушка даярдайт. Ошондон улам педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуу болушу түздөн-түз мугалимдин жылуу мамилесине жана маанайына жараша болот.

Өзгөчө азыркы демократиялык коом гумандуулукту жогору коюп жаткан учурда, мамилелешүүнүн ролу чоң. Мугалим окуучуларга мамиле жасоонун түрдүү стилин, жолдорун колдонуусу абзел. Чыныгы мугалим болуу үчүн төрт багытка басым жасоо зарыл:

1) мугалимдин кесибин сүйүүсү

2) балдарга болгон сүйүүсү
3) балдарга гумандуу мамиле жасоо
4) башкаруунун демократиялык стилин колдонуусу.

Мугалимдин педагогикалык мамилеси, сөз жүзүндө жылуу маанайдагы таасир этүүсү – окутуу процессин жакшыртуунун жолу. Сабакта педагогиканын таасирдик субъектиси, объектиси биргелешкен ишмердүүлүгү, окутуунун максаттары, педагогикалык коммуникациялык каражаттары – окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун жолу катары каралат.

**Негизги сөздөр:** баланы сүйүү, гумандуулук, башкаруунун стилдери, мамиле.

## АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

**Мурзаканова Гулшайыр Арыковна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
**gulshaiyr.82.kg@gmail.com**

Мамлекеттик билим берүүнүн анын ичинен башталгыч билим берүүнүн мазмуну бүткүл элдин тарыхый, маданий, этнографиялык жана улуттук мурастары менен толтурулган жана аң-сезимдүү коомдук тандоого жөндөмдүү жаранды калыптандырууга көмөктөшүүчү этномаданий компонентти колдонууга тийиш. Бул көйгөйдүн актуалдуулугун түшүнүү үчүн “этномаданий билим берүү” концепциясынын маңызы аныкталып көрүлдү. Бул билим берүү мекемелеринин ар бир баланын түрдүү маданияттар жөнүндө билимге ээ болушуна көмөктөшүүчү заманбап билим берүүнүн маанилүү бөлүгү. Каада-салттарда жана үрп-адаттарда жалпы жана өзгөчөлүктү тактоо, элдердин маданий баалуулуктарына жана жашоо образына тартуу, келечек муундарды башка маданий системаларды урматтоо духунда тарбиялоо өтө зарыл экендиги макаланын негизги мазмунун түзөт.

Бул теманы изилдөөдө “Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын “Жалпы мектептик билим берүүнүн максаттары, милдеттери жана натыйжалары” деген 2-баптын 13-пунктунда берилгендей: - баалуулук максаттарга багытталган окуучунун жеке мүнөздөмөсүнүн калыптанышын камсыз кылган: -Ата-Мекенди сүйүү, улуттук салттарды урматтоо жана Кыргызстандын маданий жана табигый байлыктарына сарамжалдуу мамиле кылуу-деген максаттардын ишке ашырылуусундагы мумкүнчүлүктөрүн эске алып, 4-класстын “Адабий окуу китебинен бир канча темалар (“Алтын бешик”, “Кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгү”, “боз үй”, “Улуттук тамак аштар”, “Элибиздин салттуу оюндары”, “Ата журтуна жеткен комуз” “Ата-журттун бир ууч топурагы ыйык”) белгиленип, аларды өтүүдө сабак учурунда окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруучу бир топ тапшырмалар сунушталды.

Бул ыкмаларды пайдаланууда окуучулар теманын өзөктүү маселелерин ачыктап, талдап, салыштырып, жана аларды жасоого, колдонууга болгон мүмкүнчүлүктөрү артты.

## САНАРИПТИК ДООРДО “МАНАС” ЭПОСУН ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАҢЫ БАГЫТТАРЫ

**Карыбекова Нургул**
**Кыргыз – Түрк «Манас» университети**
***nurgul.karybekova@manas.edu.kg***

Макаланын максаты ааламдашуу, интеграция доорунун алкагында илим жана технологиянын ылдамдык менен өнүгүүсү менен изилдөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен Voyant Tools, AntConc ж.б. санариптик куралдардын жардамы менен жүргүзүлгөн кыргыз

элинин сыймыгы болгон «Манас» эпосуна тиешелүү изилдөөнү талдоого алуу. Изилдөөдө заманбап компьютердик ыкмалар менен технологиялардын салттуу илимий изилдөөлөрдөн айырмачылыктары, мындай жаңыча ыкмалардын актуалдуулугу, мындай изилдөөлөрдүн Кыргызстандын илимий чөйрөсүндөгү потенциалы, санариптик гуманитардык илимдердеги орду, гибрид түрүндөгү биргелешкен дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн өзгөчөлүктөрү жана бул жаатттагы башка изилдөөлөргө ачып бере турган кеңири мүмкүнчүлүктөрү тууралуу да сөз болот. Санариптештирүү маданий мурастарыбызды жергиликтүү гана эмес, эл аралык деңгээлде да сактап калууга жана жеткиликтүү эл аралык ачык булактарга жайгаштыруу менен өтмүштөгү, учурдагы жана эң башкысы келечектеги иштерибизге абдан зор мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере алат. Мындан улам, бул багытта буга чейин жүргүзүлүп келген «Манас» эпосуна тиешелүү илимий иштерге улай, санариптик гуманитардык илимдерди» интеграция кылуу, системага салуу жана заманбап санариптик ыкмаларды колдонуу сыяктуу маселелер каралат.

**Түйүндүү сөздөр:** санариптик куралдар, «Манас» эпосу, илимдеги жаңы багыттар, дисциплиналар аралык изилдөөлөр.

## ЖАШТАР САЯСАТЫ ЖАНА АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮГӨ ЖАШТАРДЫ ТАРТУУ

**Адышева Назгүл Кабылбековна**
**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети**

Заманбап дүйнө жаштардын коомдук турмуштун түрдүү аспектилерине, анын ичинде аймактык коомчулуктарды өнүктүрүүгө жигердүү катышуусуна байланыштуу кыйынчылыктарга туш болууда. Жаштар саясаты жана жаштарды аймактарды өнүктүрүүгө тартуу туруктуу өнүгүүнү жана социалдык туруктуулукту камсыз кылуунун негизги стратегияларына айланууда. Бул теманын актуалдуулугу аймактарды өнүктүрүү процессине таасир этүүчү ар кандай чөйрөлөрдө жаштардын потенциалын ачуу үчүн шарттарды түзүү зарылчылыгы менен белгиленет.

Сунушталган макаланын алкагында Региондогу жаштар саясатынын учурдагы абалын жана чечимдерди кабыл алуу жана өнүктүрүү процесстерине жаштардын тартылуу деңгээлин талдоого алынат.

Жаштардын региондун коомдук турмушуна активдүү катышуусуна тоскоол болгон тоскоолдуктар аныкталат.

Изилдөөдө документтерди жана статистикалык маалыматтарды, региондогу жаштар саясатына тиешелүү мыйзамдарды, стратегияларды жана программаларды изилдөө, ошондой эле жаштардын социалдык-экономикалык абалы боюнча статистикалык маалыматтарды талдоо сыяктуу методдор колдонулду.

Натыйжалуу жаштар саясатын иштеп чыгуу жана жаштарды аймактын өнүгүү процесстерине жигердүү тартуу бүтүндөй коомдун туруктуу жана гармониялуу өнүгүшүнүн маанилүү компоненттери болуп саналат. Жаштар үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө умтулуу алардын жеке өсүшүнө гана эмес, ошондой эле заманбап дүйнөнүн чакырыктарына натыйжалуу жооп берүүгө жөндөмдүү динамикалуу жана ар тараптуу коомдун калыптанышына өбөлгө түзөт. Бирок бул максаттарга жетүү үчүн мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын жана жаштар жамааттарынын өз ара аракеттенүү жана өнөктөштүк механизмдерин дайыма өркүндөтүү зарыл.

**Негизги сөздөр:** жаштар саясат,  аймактар, өнүктүрүү

## ТИЛ ИЛИМИНДЕГИ "ТАБУ" КОНЦЕПТИНИН ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛЫК МЕЙКИНДИГИ

**Акылбекова Г.Ш.**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
***gulnara.shadymanovna@internet.ru***

Изилдөөнүн предмети болуп концепттин интерпретациялык мейкиндиги концептин негизи маалыматтык мазмунун тигил же бул тармакта интерпретацияланган когнитивдик белгилери саналат. Изилдөөнүн максаты катары тил илиминдеги "табу" концептинин интерпретациялык мейкиндигин сыпаттап берүү тандалып алынды. Бул максатка жетиш үчүн лингвистикада кенен таркалган каттоо, системалаштыруу, салыштыруу, сыпаттоо жана аналогия методдору колдонулду.

Бул иште тил илиминдеги "табу" концептисинин интерпретациялык мейкиндигин аныктоого аракет жасалды. «Табу» түшүнүгүн чечмелөө мейкиндиги ар кандай факторлордун, анын ичинде маданий нормалардын, диний ишенимдердин, адеп-ахлактык баалуулуктардын, социалдык үрп-адаттардын жана тарыхый контексттин таасири астында болгон татаал жана көп кырдуу чөйрө. Тил илиминдеги "табу" түшүнүгү коомдук же маданий жактан тыюу салынган же тыюу салынган тил же конкреттүү сөздөрдү, сөз айкаштарын же темаларды билдирет. Тил илиминдеги «табу» концепциясынын интерпретациялоо мейкиндиги маданий, социалдык, психологиялык жана лингвистикалык аспектилерди камтыган түрдүү өлчөмдөрдү жана көз караштарды камтыйт. Концептин интерпретациялык мейкиндиги абдан көлөмдүү экендиги аныкталды. Интерпретациялык мейкиндиктен бир нече талаалалар: б*аалоочу, мифолологиялык, энциклопедиялык, утилитардык, маданий-социалдык, парамиологиялык* бөлүнүп чыгаары билинди. Бул талаалар биригип келип бир бүтүн интерпретациялык мейкиндикди түзөт.

Мындагы талданган материалдарды жана алынган натыйжаларды филология багытындагы магистрлерди даярдоодо тил илиминин теориялык жана практикалык маселелерин талкуулоодо, айрым конкреттүү темаларды өздөштүрүүдө колдонууга болот. Бул изилдөө "табу" концептисин тереңдетип жана кеңейтип талдоого жол ачат.

**Негизги сөздөр:** "табу" концепти, интерпретациялык мейкиндик, интерпретациялык талаа, тыюу салынган сөздөр.

## Б.АБДУВАЛИЕВДИН АТКАРУУЧУЛУК ЖАНА ПЕДАГОГДУК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Дамилова Н.А., Ормонова Г., Джумабаев Б.С.**
Ош мамлекеттик университети
*nuriyla.damilova@gmail.com*

Бул макалада музыкалык билим берүүдөгү педагог, комузчу, "Салтанат" фольклордук оркестрин жетектеген Б.Абдувалиевдин өмүр, чыгармачылык жолу, чыгармачылыгынын калыптануусу, өзгөчөлүгү, аткаруучулук жана педагогдук ишмердүүлүгү тууралуу изилденет. Кыргыз салттуу музыкасына, билим берүүсүнө чоң салым кошкон инсан, элдик музыкалык аткаруучулук өнөрдү билим берүү менен айкалыштыра алган чыгармачыл педагог Б.Абдуваливдин өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндөгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү болочок музыкалык билим берүү адистериндеги студенттердин чыныгы кесипкөй адис катары калыптануусунда зарыл жараян экендиги, салттуу музыканын өнүгүүсүнө чоң салым кошкон педагог-аткаруучу туурасында иликтөөлөрдүн жүргүзүлө электиги менен шартталган Анын элдик музыкалык аткаруучулук өнөр менен педагогдук ишмердүүлүгүндөгү ийгиликтери, аткаруучулук жана

педагогдук ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү өлкөнүн маданият тармагынын, билим берүүсүнүн өнүгүүсүнө кошкон салымы белгиленет. Бир топ сыйлыктардын ээси Абдувалиевдин улуттук салттуу музыканын өнүгүүсүндөгү ордун, жаштарга өнөр үйрөтүү менен аларды жагорку адеп-ахлакка тарбиялоодогу педагогдук эмгегин, чыгармачылык жолун изилдөө учур талабы экендиги белгиленет. Макалада авторлор комузчунун чыгармачыл инсан катары жасаган эмгегин, педагог катары жаш муунга билим, тарбия берүүдөгү үлгү болорлук педагогдук чеберчилигин коомдо келечек муунду улуттун көрөңгөсү болгон салттуу музыканы баалоого тарбиялоо зарыл болуп турган учурда чыгармачыл жаштарга тааныштыруу максатын коёт.

**Негизги сөздөр:** улуттук салттуу музыка, элдик музыкалык аткаруучулук өнөр, педагогдук ишмердүүлүк

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫН ОКУУ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Кадырова Т.**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
**turnakadyrova@gmail.com**
ORCID №0009-0000-9276-5649

Окутуу- педагогикалык процесстин эң негизги бөлүгү болуу менен мектепке чейинки балдарга билим, билгичтик жана көндүмдөргө үйрөтүүдө канчалык маанилүү экендиги илимде далилденип келе жатат. Мектепке чейинки балдардын окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу өтө зарыл экендиги макаланын негизги мазмунун түзөт. Е.И.Тихеева айткандай Балдарды окутуу – мектепке барып ручка кармаганга чейин башталышы керек". Окуу көндүмдөрү жаттоо формасында эмес, балдарды кызыктыруучу оюн ыкмалары аркылуу үйрөтүү сунуш кылынды.

Бул проблеманы изилдөөдө мектепке чейинки балдардын окуу ишмердүүлүгүнүн калыптануусун аныктоодо байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, сабактарга катышуу, аңгемелешүү, чыгармачылык иштерди анализдөө методдору менен ишке ашты**.**

Мектеп жашына чейинки балдар ар түрдүү ишмердүүлүктө өнүгө алат. Атап айтканда, кыймыл- аракетте, оюнда, продуктивдүү ишмердүүлүктө, коммуникативдик, эмгектенүүдө, таануу-изилдөө, музыкалык- көркөм, адабий- көкөм ишмердүүлүктөрдө активдүү өнүгүүгө дуушар болушат. Анткени, балдар күндөлүк турмушта курчап турган дүйнөнү байкоо жүргүзүүдө, экскурсияга чыкканда, проблемалык жагдайларды чечүүдө, эксперимент жүргүзүүдө, моделдерди жасаганда, өнүктүрүүчү оюндарды ойногондо окуу иш-- аракетин аткарып, психикалык-таануу процесстери дүркүрөп өсө тургандыгын изилдөөдө аныктадык.

Мектеп жашына чейинки балдарды окутуу, мектепке даярдоонун эң маанилүү милдеттерин чечет. Анткени, 7 жашка чейинки балдар бала бакчада жана үй- бүлөдө тамгаларды таанып, китепке кызыгып жана математикалык эсептерди кээде өз алдынча, бирок көп учурда бала бакчадагы окутуудан үйрөнүшөт. Балдар китептин сүрөттөрүн көрүп, аңгеме түзүп, оюн- тапшырмаларын аткарып акырындык менен окуу иш аракеттеринин элементтерин өздөштүрүшөт.

**Негизги сөздөр:** балдар, окуу ишмердүүлүк, окутуу, жетекчилик.

## ОКУУЧУЛАРДЫ ИНСАН КАТАРЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ЖОГОРУЛАТУУ МАСЕЛЕСИ

**Какиева Г.А.**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
gulzadakakieva@gmail.com

Кыргыз элинде уул-кызды тарбиялоого чоң маани берилген. Кыргыз педагогикасынын корунда муну тастыктаган эмгектер арбын. “Бала тарбиялоодогу кыргыз кереметти”,-деген китепте (Муратов А., Акматов К.) кыз баланы тарбиялоо салты боюнча, “Кыз баланын бактысы, өңүнүн сулуулугу, кымча бели гана эмес, акыл, зиректиги, адеби, болочок эне болууга, бала төрөп өстүрүүгө даярдыгы болушу менен көбүрөөк байланышат” деп белиленет. Ал эми уул баланы тарбиялоодо кыргыз эли аскер оюндарды колдонушкан. Эркек балдар ат жалында эркин ойноп, көчүп конууга шай жаралган жоокердик кулк мүнөзгө, сандаган жоодон, табийгаттын катаал кырсыктарынан коргоп келүүгө жаштайынан үйрөтүлгөн.

Бирок, мындай баалуулуктар – баланы инсан катары калыптандырууда ата-энелердин жана мугалимдердин өз ара биргелешкен иш аракети аркылуу гана камсыз болоорун изилдөөбүздүн жыйынтыгында көрө алдык. Эң башкысы ата-энелер балдарды тарбиялоо багытында өздөрүнүн этнопедагогикалык билим жана тажрыйбаларын дамамат өнүктүрүп олтуруулары зарыл.

**Негизги сөздөр:** бала, инсан, ата-эне, тарбия.

## ОКУУЧУЛАРГА САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУН КОЛДОНУУ

**Жаныбекова Эльвира Жаныбековна**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
e2203516@gmail.com

Бүгүнкү күндө билим берүүдө окуучулардын, студенттердин билимин жакшыртууда окутуунун усулдары, ыкмаларын туура тандоо максатка ылайыктуу. Биз окутуунун интерративдүү методдоруна токтолобуз.

Интерактивдүү метод болсо активдүү методдордун да өркүндөтүлгөн формасы. Бул өзү интерактивдүү (“Inter”- өз ара, биримдикте, “akt” аракеттенүү деген маанилерде) – “биргелешип аракет кылуу” дегенди түшүндүрөт, башкача айтканда, мугалим менен окуучу бири-бири менен биригип, бирдей аракет кылып, максатка жетүү жолун издешет. Бул деген мугалим менен окуучунун биримдигин гана түшүндүрбөйт, мында окуучулар да бири-бири менен чыгармачылык тыгыз байланышта аракеттенишет. Мында мугалим пассивдүү байкоочунун ролун гана аткарып калбайт, ал ар бир кыймыл аракетте өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин көрсөтүү менен бүтүндөй сабактын багытын нукка салып, интерактивдүү көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды берип, сабакты пландаштырып, айрым учурда күтүлбөгөн эксперимент менен классты жаңы кырдаалга алып келет. [1]

Учурда окуучулар көпчүлүк убакытын уюлдук телефон менен өткөргөндөрүн байкап жүрөбүз. Мында балада баарлашуу жөндөмү төмөндөйт. Ата-энелер менен иш алып барып, телефонду максаттуу пайдаланууга багыт берүүбүз керек. Интерактивдүү окутуу ыкмалары окуучулардын арасында коммуникациялык көндүмдөрүн, кызматташтыкты жана

критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө да өбөлгө түзөт. Масален жеке, топтук жумуштарды аткарууда бири-бири менен мамиле түзүп, тапшырманы аткарышат. Ошондой эле окуучулардын көйгөйлөрдү чечүү көндүмдөрүн, өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Анда көбүнчө ар бир адам жигердүү салым кошо ала турган чөйрө түзүлөт, идеялары менен алмашат жана башкалар менен биргеликте чечимдерди иштеп чыгышат. Бул конкреттүү материалды өздөштүрүү үчүн гана эмес, ошондой эле жашоонун ар кандай тармактарында пайдалуу боло турган жалпы көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

**Негизги сөздөр:** Интерактив, стратегия, метод, активдүү.

## МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАРДЫН РОЛУ

**Мамашерип кызы Нуриза**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
nurizam90@mail.ru

Балдардын иш-аракетинин эң маанилүү түрү болгон оюн баланын өнүгүүсүндө жана тарбиялоосунда чоң роль ойнойт. Бул мектепке чейинки баланын инсандыгын, анын моралдык жана эрктүү сапаттарын калыптандыруунун эффективдүү каражаты болуп саналат, оюн дүйнөгө таасир этүү зарылдыгын түшүнөт. Бул билим берүүнүн бир түрү катары, өз алдынча оюн иш-аракети катары жана баланын инсандыгынын ар кандай аспектилерин тарбиялоо каражаты катары ийгиликтүү колдонулушу мүмкүн. Оюн бала үчүн ырахат жана кубаныч гана эмес, бул өзү абдан маанилүү. Анын жардамы менен баланын көңүлүн, эс тутумун, ой жүгүртүүсүн, фантазиясын, башкача айтканда, кийинки жашоосу үчүн зарыл болгон сапаттарды өрчүтө аласыз. Бала ойноп жатып жаңы билимге, көндүмгө, жөндөмгө ээ болуп, жөндөмдөрүн өнүктүрүп алат, кээде байкабай калат.

Л.С. Выготский, А.В. Запорожец, А.Н. Леонтьев, А.А. Люблинская, С.Л. Рубинштейн, Д.Б. Элконин оюнду мектепке чейинки курактагы башкы иш деп эсептейт, анын аркасында баланын психикасында олуттуу өзгөрүүлөр болуп, өнүгүүнүн жаңы, жогорку баскычына өтүүгө даярдануучу сапаттар калыптанат. Мектепке чейинки баланын психикалык өнүгүүсүнө багытталган оюндарды эске алуу менен, аларды салыштырмалуу өз алдынча топторго бөлүүгө болот. Бул кабылдоо, көңүл буруу, эс тутум, ой жүгүртүү жана чыгармачылыкты өнүктүрүүчү оюндар.

**Негизги сөздөр:** оюн, мектепке чейинки балдар, тарбиялоо, психологиялык процесстер.

## «БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАСС МУГАЛИМДЕРИНИН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫ» ТҮШҮНҮГҮНҮН ӨНҮГҮШ ЭВОЛЮЦИЯСЫ

**Маткасымова Минавар Осмоновна**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
**minavarm68@gmail.com**
ORCID: 0009-0002-7870-7535

Илим жаралгандан берки адамзат топтогон тажрыйбалар илимий түшүнүктөрдө түйүндөлүп топтолгондуктан түшүнүктөрдүн мазмунунун өзгөрүшү илимий ойдун өнүгүшүн көрсөтө алат. Илимий түшүнүктөрдү тактоо илимдин андан аркы ориентирлерин гана аныктабастан илимий билимдер дүйнөсүндөгү көз караштарды таразалап баалап, периспектаваларын белгилөө, айкындоого өбөлгө болот. Бул эмгекте *«Болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданиятын» калыптандыруу* түшүнүгүнүн өнүгүш эволюциясы талдоого алынган. Илимий методологиялык тажрыйбаларга таянуу менен биз аталган түшүнүктү кесиптик маданият => профессионалдык-педагогикалык маданият => “технологиялык маданият” алкагында аныктоону эп көрдүк. Кесиптик педагогикалык маданият жеке кесиптик сапаттардын системасы, мугалимдин инсанынын интегративдик сапатынын жетектөөчү компоненттери жана функциялары эффективдүү педагогикалык ишмердүүлүктүн шарттары жана өбөлгөлөрү катары аныкталат. Мугалимдердин технологиялык маданияты термини алгач ирет В.А. Сластенин, В.А.Мищенко, Н.Г. Руденколор (1996) тарабынан колдонулган. Андан кийинки этаптарда педагогикалык процессти технологиялык парадгмалардын негизинде өркүндөтүү талабынан улам «мугалимдин технологиялык маданияты» конкреттүү өз алдынча изилдөөлөрдүн предмети катары Н.А. Максимова (2001) И Ю Башкировалардын (2004) эмгектеринде карала баштаган. С.Н.Манжееванын (2003) эмгегинде педагогикалык факультеттердин студенттерин технологиялык жактан даярдоонун окутуунун мазмунун тандап иргеп алууга карата түрдү талаптар иштелип чыккан. Технологиялык маданият –бул мугалимдин күндөлүк педагогикалык ишмердүүлүгүндө окутуунун түрдүү технологияларын орду менен ырааттуу, натыйжалуу колдонуу тажрыйбасы (Анисимов, 2013). Демек, бул педагогикалык алгоритмдер жана педагоикалык ишмердүүлүктүн технологиясы жаатындагы мугалимдин компетенттүүлүгү. М. Кларин (1999) образдуу белгилегендей педагогикалык технологияларды реализациялоо контекстинде мугалим “**дидактикалык каражаттардын операторунун”** ролун аткарат. Биз изилдөөгө алган «болочок башталгыч класс мугалимдеринин технологиялык маданияты» түшүнүгү азырынча өз алдынча такталып илимий айлампага алына элек. Биздин көз карашыбызда “башталгыч класс мугалиминин технологиялык маданияты» өз ичине мугалимдин инсандык педагогикалык баалуулуктар системасын жалпы маданий жана педагогикалык компетенцияларын, өзүн-өзү өнүктүрүү жана өзүн-өзү башкаруу потенциалын; педагогикалык ишмердүүлүктү технологиялык принциптерге ылайык ишке ашыруу тажрыйбасын ичине алган интегративдик сыпаты.

Технологиялык маданият – бул мугалимдин педагогикалык технологиялар чөйрөсүндө өзүн өзү жаратышы жана ал өзүнүн активдүү аракети менен айкалышкан педагогикалык чөйрөнү түзүүсү. Демек мугалимдин технологиялык маданиятын биринчи кезекте мугалимдин өзүн өзү өзүн жаратышы катары кабылдоого болот.

**Негизги сөздөр:** башталгыч класс, мугалим, технология, маданият.

## КЛАССИКАЛЫК ПЕДАГОГИКАДАГЫ ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯСЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Маткасымова Минавар Осмоновна**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
ORCID: 0009-0002-7870-7535
minavarm68@gmail.com

Классикалык педагогиканын тарыхында “Билим берүүнүн технологиясы” өз алдынча категория катары каралбаса да аны актуалдаштырган көз караштар жана тажрыйбалар да болгон. Буга Я.Коменский, И.Пестоцци, А.Дистерверг, А.С.Макаренко, В.Сухомлинский сыяктуу түрдүү мезгилдерге таандык педагогдордун мурастары күбө.

Я.А. Коменский технологиялык мамиленин эң маанилүү идеясын - **максат** - каражат - каражаттарды колдонуу эрежелери – натыйжа сыяктуу окутуу системасын түздү.

Швейцариялык педагог И.Г. Песталоцци (1746-1827) башталгыч билим берүүнүн "элементардык билим берүү теориясы" деген технологиясын негиздеген. Ага ылайык окутуу жөнөкөйдөн татаалга, айрым бир элементтен бүтүнгө багытталган билим жана көндүмдөрдү өздөштүрүү этаптарынан турат.  Ал мектеп предметтерин билимге ээ болуу каражаты катары эмес, балдардын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү каражаты катары көбүрөөк караган. И.Г. Песталоццинин бул долбоору өнүктүрүүчү окутуу теориясынын калыптанышына негиз болгон.  А. С. Макаренконун билим берүүдөгү технологиялык мамиленин маңызын ачып берген атайын эмгеги болбосо да, ошол эле учурда анын бүткүл педагогикалык мурасы педагогика илиминде жана практикасында мындай ыкманы иштеп чыгуунун озгочо улгусу болгон. А. Макаренко өзү иштеп чыккан коллектив концепциясына таянып, этаптардын ырааттуу сериясын камтыган өзүнүн педагогикалык технологиясын түзгөн. В. А. Сухомлинскийдин мурастарында педагогикалык технология окуу процессин "үйрөнүү мектеби" моделинен "ой жүгүртүү мектебине" кайра багыттоо, окуучуну ой жүгүртүүнүн негизги булагы – жаратылыш дүйнөсү менен тааныштыруу сыяктуу парадигмалык тажрыйба менен тыгыз байланыштуу болгон.

**Негизги сөздөр:** билим берүү, технология, техника.

## БАЛДАРДЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООНУН БААЛУУЛУКТАРЫ

**Нишанбаева Мерниса Анарбаевна**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
**merinsa.nishanbayeva@mail.ru**
ORCID: 0009-0009-3131-8154

Адептик тарбия берүү тармагында моралдык баалуулуктар тарбиянын өзөгүн чагылдырып  нарктуу, көрөңгөлүү кеп сөздөрүн, акыл насааттарын айтып келишкен. Баланын ар тараптуу өсүп өнүгүүсүндө адептик тарбия берүү өзгөчө бааланат. Моралдык баалуулуктардын нормасы бул балдардын коомдогу ордун,таанып билүү жөндөмү,намыстуулугу,, айкөлдүгү, адилеттүүлүк түшүнүктөрдү камтыйт. Адептик тарбия менен маралдык тарбия тыгыз байланышта болушат. Бирок эки башка түшүнүк берет. Моралдык баалуулуктар коомдогу аң-сезимдин нормасы жана жүрүм-турумду жөнгө салуучу норма. Баланын ар тараптуу өсүп өнүгүүсүндө адептик тарбия берүү өзгөчө бааланат. Моралдык баалуулуктардын нормасы бул балдардын коомдогу ордун,таанып билүү жөндөмү, намыстуулугу, айкөлдүгү, адилеттүүлүк түшүнүктөрдү камтыйт. Адептик тарбия менен моралдык тарбия тыгыз байланышта болушат. Бирок эки башка түшүнүк берет. Моралдык баалуулуктар коомдогу аң-сезимдин нормасы жана жүрүм-турумду жөнгө салуучу форма. Адептик тарбия берүү тармагында моралдык баалуулуктардын өзгөчө орду бар. Балдар менен сүйлөшүү алардын жан-дүйнөсүдөгү көйгөйлөрдү чечүүгө көмөк көрсөтүү адептик тарбия берүүнүн зарылдыгы. Балдарды достукка, биримдикке бири-бирин түшүнүү менен мамиле түзүүгө тарбиялоо  каражаттары моралдык баалуулуктар менен тыгыз байланышта болот. Ар кандай ишмердүүлүктүн нормасы моралдык акыл эстин калыптануусуна, адептик көз карашынын өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт. Балдарга адептик тарбия берүү процессинде моралдык баалуулуктар негизги принциптери болуп эсептелет. Адептүүлүккө тарбиялоодо, моралдык баалуулуктар жашоонун мааниси, максаты экенине карабастан ишенимдүү бөлүгү болуп жүрүм-турумду жөнгө салынат. Балдарды кечиримдүүлүккө, кең пейилдикке тарбиялоо бул элибиздин салтына ылайык жүргүзүлөт. Балдардын жан дүйнөсүндөгү аруулук сезимдери өспүрүм куракта эле

башталат. Балдар жаманды, жакшыны сезе билүүсү, ар кандай окуяларды кубануу жээ кайгыруу менен кабыл алуусу акыл эсинин өнүгүүнүн бир бөлүгү.

**Негизги сөздөр:** тарбия, мораль, адептүүлүк, баалуулук.

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Курбаналиева Гульзира Жумабаевна**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
**gkurbanalieva85@gmail.com**
ORCID №0009-0006-0448-785

Азыркы этапта маалымат агымынын көбөйүшү жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу чөйрөсүнүн кеңейиши менен адамдын көрүү чөйрөсүнө кирген жана кээде бүтүндөй коомдун, атап айтканда инсандын керектөөлөрүнө жооп бербеген маалыматты өздөштүрүү тенденциясы байкалууда. Түзүлгөн шарттарда Билим берүү системасы замандан артта калбай, ар кандай булактарда ишенимдүү маалымат таба билген, аны толук кабыл алган жана концептуалдаштыра билген инсанды тарбиялоого тийиш. Ушуга байланыштуу башталгыч класстын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө негизги базалык көндүмдөрдүн өнүктүүрүү маселелери сунушталды. Окуучулар ийгиликтүү окурман болушу үчүн окурмандык компетенттүүлүктүн түзүлүштүк элементтери болуп эсептелген окуунун негизги базалык көндүмдөрүнө ээ болушу керек. Алар тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу, сөз байлыгын кеңейтүү, шар окуу, окуганды түшүнүү болуп саналат. Окуучулардын тыбыштык кабыл алуу, алфавиттик көндүм, шар окуу көндүмүн өркүндөтүү, сөз байлыгын өстүрүү жана жаңы сөздөр менен тынымсыз иштөө окуу боюнча жетишкендиктерди жогорулатуу, окуп түшүнүүсүн калыптандыруу макаланын негизги мазмунун түзөт.

## БАЛА ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИНКИ АТКАРЫЛУУЧУ КААДА-САЛТ ЖАНА ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР( БАТКЕН ОБЛУСУНУН МИСАЛЫНДА)

**Жапаров, Амантур Забирдинович**
**Шамшиева Жанона Хуснидиновна**
**КР УИАнын Б. Джамгерчинов атындагы**
**Тарых, этнография жана археология институту**

Балдарга байланыштуу каада-салт жана ырым-жырымдарды изилдөөнү үч циклге бөлүп алсак болот: төрөткө чейин, төрөт жана төрөттөн кийинки каада салт, ырым-жырым жана ритуалдар. Жогоруда аталган биринчи цикль чоң роль ойногон, ал баланын тез арада боюна бүтүшүн, жеңил жана бакубат төрөлүшүн жана дени сак баланын төрөлүшүн камсыз кылууга багытталган. Ал эми экинчи цикл төрөт-бул төрөттүн токтоосуз абалын камтыйт. Төрөттөн кийинки мезгилдин негизги мазмуну эне менен баланы тазалоо, ошондой эле ымыркайдын жашоосунун алгачкы мезгилинде ден соолугун сактоо жана аны коомчулукка тартуулоо болгон.

Адамдын жарык дүйнөгө келиши байыркы доорлордон бери ал адамзат үчүн чоң сыр болуп келген. Илгери примитивдүүлүк доорунда, адамдар бул сырды түшүндүрө алышкан эмес, ошондуктан буга байланыштуу көптөгөн ишенимдер жана ырым-жырымдар пайда болуп баштаган жана алар үй-бүлөлүк турмушта узак убакыт бою сакталып келген. Төрөт менен байланыштуу ырым-жырымдар орто кылымдарда жана андан кийинки

доорлордо да улам өнүгүп, бир ырым колдонуудан чыкса башка жаңы нерселер ортого чыгып турган. Бул көрүнүш албетте азыркы доорго да тиешелүү. Эгерде элдик турмушта салттык өзгөчөлүктөр өзгөчө бекем сакталып калганын эске алсак, бул ырым-жырымдар элдин дүйнө таанымын, тарыхын, жакынкы өткөнүн изилдөөдө баалуу булак болуп саналат. Адам өмүр бою жашоо циклинин ар кандай учурларына жана этаптарына (бала тарбиялоонун ар кандай этаптары менен байланышкан энелик, үйлөнүү тою, сөөк коюу жана эскерүү) байланышкан ырым-жырымдардын комплекси менен алектенет. Аларды ишке ашыруу инсан үчүн да, жалпы коом үчүн да милдеттүү болуп саналат.

Бул макалада бала төрөлгөндөн кийинки каада-салт жана ырым-жырымдар Баткен областынын мисалында ачыкталат.

**Негизги сөздөр:** Балдар, каада-салт, ырым-жырым, Баткен.

## СОВРЕМЕННЫЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ТЕХНОЛОГИИ И СТРАТЕГИИ В ОБУЧЕНИИ МАТЕМАТИКИ

*Кайдиева Назира Капарбековна, Эгамбердиева Айсулуу Абдухалиловна, Эркинбек кызы Гулзина*

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети

e-mail: nkajdieva@gmail.com; ORCID: 0000-0002-2110-8454

Новые стратегии обучения математике включают в себя активное использование проблемно-ориентированного подхода, дифференцированного обучения, сотрудничества и взаимодействия между учениками, а также развитие коммуникативных навыков.

Применение проблемных методов в обучении математике позволяют учащимся решают различные математические задачи и проблемы, которые стимулируют их критическое мышление, аналитические навыки и творческое мышление. Этот подход помогает ученикам понимать математику не как набор отдельных правил и формул, а как инструмент для решения реальных жизненных задач.

В целом мы можем сделать вывод, что новые стратегии обучения математике включают в себя интеграцию современных технологий, активное использование различных методов и подходов, а также ориентацию на развитие критического мышления, творческого подхода к решению задач и коммуникативных навыков учеников.

В данной работе рассмотрены применения элементов современных образовательных технологий и новых стратегий в обучении математике. Новые стратегии обучения математике включают в себя проблемные методы обучения, дифференцированный подход в обучении и информационно- коммуникационные технологии. На основе данных подходов в обучении формируются и совершенствуются ключевые и математические компетенции обучающихся.

**Ключевые слова:** математика, технологии обучения, компетенции.

**ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН ДИДАКТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНУКТҮРҮҮ ПРОЦЕССИНДЕ КОНТЕКСТТИК ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИН РЕАЛИЗАЦИЯЛОО.**

**Алимов Илияз Абытжанович**
Баткен мамлекеттик университети
alimov_iliyaz83@bk.ru +996773509289

Дүйнөлүк тажрыйбалар көрсөткөндөй ар кандай билим берүү мекемесинин, программанын же дисциплинанын майнаптуулугун айкындаган шарттардын бири аны окутуу парадигмасы жана методдору. Дүйнөдө таанымал билим берүү мекемелери да бири биринен эң обол окутуу ишин уюштуруу методдорунун прогрессивдүүлүгү менен айрымаланышат. Бул жагынан алып караганда ЖОЖ окутуучуларынын дидактикалык маданиятын өркүндөтүү процесси, адрестүү, адекваттуу мамилени талап эткен өзгөчө татаал феномен. Кадыресе, салттуу академиялык билим берүү чөйрөсүнөн айырмаланып, бул программага белгилүү өлчөмдө өз билиминдеги өксүктөрдү толуктоо, ишмердүүлүгүндө көйгөй жараткан суроолордун жообун табуу, окутуу ишин ийгиликтүү жүргүзүү боюнча рационалдуу тажрыйбага ээ болууну көздөгөндөр катышышат. Көптөгөн изилдөөлөрдө адилет белгиленгендей дипломдон кийинки билим берүү программаларынын жугумдуулук, кайтарымдуулук, пайдалуулук коэффицентинин тайыздыгы, ойдогудай, турмушка ашпай калышынын себептери да ага катышкандардын өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келбеген салттуу методдорго негизделгендигинде.

Семинар-практикумдун алкагында окутуучулардын дидактикалык компоненттүүлүгүн калыптандыруунун таасирдүү методдорунун бири – бул ***дидактикалык оюндар***. Анын негизги функциясы окутуучунун дидактикалык ишмердүүлүгүнүн көйгөй жараткан бир кырдаалын ага катышкандар тарабынан өзүндөй кылып биргелешип аткарууга, б.а. процедураларын баштан кечирүүгө шарт түзгөндүгүндө. Ал таасирдүүлүгү окутуу ишинин тигил же бул тажрыйбасын өз алдынча өзгөчө көңүлү шат, бирок акыл күчүн толук коротуп ачык маанайда өздөштүрүүгө өбөлгө болот. Атактуу психоаналитик Карл Густав Юнг белгилегендей *«Адам идея жаратып жатам деп ойлойт, чындыгында ал аркылуу өзүн жаратат»*.

Эң башкысы мында окутуучу өз билимин, педагогикалык тажрыйбасын акыл анализинен өткөрүп кербайланыш (рефлекция) түзүп, оюн эрежесине карата чечим кабыл алууда маселеге карата позициясын дагы бир ирет тактап алат. Бул ЖОЖдордун окутуучусунун дидактикалык маданиятынын аныктоочу белгилеринин бири. Талдоого алынган материалдар ЖОЖ окутуучуларынын дидактикалык маданиятын өнүктүрүү процессинде контексттик окутуу мамилесине шайкеш методдорду колдонуу – бул процесстин натыйжалуулугун камсыз кыла алат. Ошентип, биз тарабынан дипломдон кийинки билим берүү системасында ЖОЖ окутуучуларынын дидактикалык маданиятын өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары айкындалды. Аныкталган педагогикалык шарттардын илимий жаңычылдыгы биздин изилдөөбүздүн предмети үчүн колдонулганы жана мазмуну менен толукталгандыгында турат.

**Негизги сөздөр:** окутуучу, дидактикалык маданият, өнүктүрүү, жогорку окуу жайлар.

**БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА «АЙГҮЛ ГҮЛҮ» УЛАМЫШЫН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН УСУЛДАРЫ**

**Матисманова Айжамал Үсөновна, Каныбекова Назгүл**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
azem.perish@gmail.com
ORCID: 0009-0008-8340-1788

Башталгыч мектептердин экологиялык маданияты балдардын айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү жана аяр мамилесин калыптандырууга багытталган баалуулуктардын, билимдердин жана көндүмдөрдүн системасын камтыйт. Бул жаратылышты коргоонун маанилүүлүгүн түшүнүү, ресурстарга кам көрүү, экологиялык демилгелерге катышуу жана күнүмдүк жашоодо туруктуу чечимдерди кабыл алуу дегенди билдирет.

Башталгыч билим берүүдө бир канча предметтер окутулат. Анын ичинде адабий окуу предметининде окуучулардын кандай көндүмдөрү ишке ашарына, “Айгүл гүлү” уламышын окутууда окуулардын экологиялык маданиятын өркүндөтүүнүн жолдоруна токтолобуз.

Башталгыч мектепте экологиялык маданиятка үйрөтүү балдардын экологиялык аң-сезиминин калыптанышына өбөлгө түзөт, ал келечекте чоңойгондо жаратылышка жоопкерчиликтүү мамиле жасоого алып келет.

Экология – грек тилинен которгондо “ойкос” – үй, “логос” – илим дегенди түшүндүрөт, башкача айтканда үй жөнүндөгү илим. Америкалык эколог Ю.Одумдун аныктамасы боюнча, экология бул “жаратылыштагы үй” тууралуу илим, ал өзүнүн кучагына ошол үйдү жашоо үчүн ыңгайлаштырган бардык функционалдык процесстерди жана анда жашаган бардык жандуу организмдерди кучагына камтыйт. Демек, окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда бардык жандуу организмдерди коргоо, сактоо, табият менен таттуу мамиледе болууга үйрөтүүбүз абзел.

**Негизги сөздөр:** экология, башталгыч класс, стратегия, көндүм, окуучулар.

## ОРТО КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН СТУДЕНТТЕРИН РУХИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

**Асилбек кызы Канымгул**
**Талас мамлекеттик университети**
**asilbekkyzykanym@gmail.com**

Рухий-адептик тарбиялоонун максаттарына жетүү өспүрүмдөрдүн жеке чөйрөсүн өнүктүрүүгө багытталган атайын уюштурулган педагогикалык иш-чараларды ишке ашырууну камтыйт. Бүгүнкү күндө студенттерди окутууда окуу процесси өзгөчө педагогикалык адистиктер үчүн актуалдуу болуп саналат. Бул маселе боюнча педагогикалык адабияттарга кайрыла турган болсок, биз окуу процессинин методологиялык жагын эмес, педагогикалык теорияга прикладдык мүнөз берген аны ишке ашыруу технологиясын иштеп чыгууларды табабыз.

Технология - бул берилген милдеттерди чечүүнүн формаларын, ыкмаларын жана каражаттарын натыйжалуу тандоо менен билим берүү процессин ишке ашыруунун маанилүү ыкмасы. Педагогикалык технологиянын структурасына төмөнкүлөр кирет: окуу процессин уюштуруу; ишмердүүлүктүн ыкмалары жана формалары; берилген билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү процессин башкаруудагы мугалимдин активдүүлүгү; билим берүү процессинин диагностикасы.

Студенттердин рухий-адептик тарбиялоо технологиясын тандоо үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- технологияны колдонуудан күтүлгөн натыйжаны аныктоо;
- кесиптик кемчиликтерди түшүнүү жана руханий жана адеп-ахлактык тарбиялоо проблемасын түшүнүү менен шартталган технологияны тандоо жана өздөштүрүү үчүн мугалимдин ички мотивациясы:

- ресурстар менен камсыз кылуу же билим берүү технологияларын ишке ашыруу үчүн тиешелүү шарттар.

Кызматташуу технологиясы. Кызматташуу – бул окуу жана таанып-билүү ишинин формасын тандоо: жеке, жуп, чакан топ. Окуучу кимден болбосун: окуучулардан, ата-энелерден, мугалимдерден жардам суроого укуктуу.

Окуучулар менен баарлашууда алар инсанга багытталган технологияны колдонушат, окуу процессинде өз ара түшүнүшүүнү, позитивдүү психологиялык байланышты орнотуу жана колдоо канчалык маанилүү экенин түшүнүп, ар бир адамдын жеке өзгөчөлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алышат.

Ишмердүүлүк технологиясы-бул окутуунун, өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун негизги формаларынын бири. Педагогикалык семинар-бул окуучуларга жана мугалимге ыңгайлуу шарттарды сөзсүз камсыз кылуу менен окуу процессин долбоорлоо, уюштуруу жана өткөрүү боюнча биргелешкен педагогикалык ишмердүүлүктүн бардык деталдары боюнча ойлонулган модели. Студенттер системалуу түрдө алар үчүн жаңы болгон көйгөйлөрдүн далилдүү чечимин табуу процессине киргизилет, ошонун аркасында алар өз алдынча билим алууга, мурда үйрөнгөндөрүн колдонууга жана чыгармачылык ишмердүүлүктүн тажрыйбасын өздөштүрүүгө үйрөнүшөт.

**Негизги сөздөр:** тарбия,технология, рухий-адеп,өспүрүм.

## ДЕНЕ ТАРБИЯНЫН АДАМДЫН ОРГАНИЗМИНЕ ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
**Каратаев Урматбек Базарбекович**
**karataevurmat711@gmail.com**
**Мамажонов Ёкубжон Нажимидинович**
**jakip8181kg@mail.ru**

Изилдөөнүн актуалдуулугу: Дене тарбия көнүгүүлөрү менен системалуу алектенген адамдар (жумасына 6-8 сааттан кем эмес) сейрек оорушат, жугуштуу ооруларды оңой эле жеңип кете алышат. Аларда жел тийип, тумоолоп ооруп калуулуулардын жыштыгы жана узактыгы өтө сейрек, оорунун өтүп кетиши азыраак кездешет.Спортчулардын ден соолугу башына күн өтүп кетүү жана сууктан үшүп, чыйрыгып калууларга, радиациянын өтүшүнө карат туруктуу болот, бирок ачка калууга жана айрым ууланууга карата чыдамкайлыгы басаңдайт. Демек, окуучуларды, студенттерди спорт менен машыгууга, дене тарбия көнүгүүлөрүн күн сайын жасап турууга көнүктүрүү керек.

Ден соолукту чыңдоочу дене тарбия адамдын организмине оң таасирин тийгизип, физикалык жана психикалык абалын жакшыртат. Үзгүлтүксүз машыгуу булчуңдарды чыңдоого, ийкемдүүлүктү жана кыймылдардын координациясын жакшыртууга жардам берет, ошондой эле жүрөк-кан тамыр системасын иштешин жакшыртат. Ден соолукту чыңдоочу физикалык көнүгүү стрессти азайтууга, маанайды жана уйкуну жакшыртууга жардам берет, жалпы энергияны жана жигердүүлүктү сактайт. Ошондуктан, алгач физикалык даярдоо болушу керек.

Физикалык даярдоо дегенде - негизинен спорттук турмушта керек болуучу физикалык жөндөмдүүлүктү түшүнөбүз. Физикалык даярдоо атайын жана жалпы физикалык даярдоо болуп экиге бөлүнөт. Атайын физикалык даярдоо - бул тандап алган конкреттүү бир спорттун түрүнө даярдоо. Мындай даярдоонун негизги каражаты болуп

мелдеш көнүгүүлөрү эсептелет. Ошонун негизинде атайын даярдоочу көнүгүүлөр иштелип чыгат.

Демек, көнүгүүлөрдүн түрлөрү кандай болот, аларды жасатууда эмнелерге көңүл буруу керектигин үйрөтүү абдан маанилүү.

**Негизги сөздөр:** физиология, дене тарбия, окуучулар, машыгуу, студенттер ж.б.

## ФИЗКУЛЬТУРА ЖАНА СПОРТ ТАРМАГЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР

**Каратаев Урматбек Базарбекович**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
karataevurmat711@gmail.com
**Мамажонов Ёкубжон Нажимидинович**
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
jakip8181kg@mail.ru

Кыймылсыз жашоо образы жана семирүү менен байланышкан көйгөйлөр барган сайын кеңири таралган заманбап коомдо мектептеги дене тарбия бул көйгөйлөрдүн алдын алууда жана оңдоодо маанилүү ролду ойнойт. Дене тарбия окуучулардын жалпы физикалык өнүгүүсүнө салым кошуп, ден соолугун чыңдап, сергек жашоо образын калыптандырууга көмөктөшөт. Ал ошондой эле социалдаштырууда, командалык духту өнүктүрүүдө жана балдардын психоэмоционалдык абалын чыңдоодо маанилүү роль ойнойт. Дене тарбия сабагын жаңы педагогикалык технологиялар менен инновациялык окутууга токтолобуз.

Педагогикалык технологиялар- билим берүү процессинин өзгөрүп жаткан шарттарында (адистик жогорку билим берүүнүн стандарты) ага прогноз жана диагностика берүү үчүн инструментарий даярдаган процедура- лардын, операциялардын, кыймыл-аракеттердин биримдиги;

- социалдык тажрыйбаларды чагылдыруунун форма, ыкма, метод жана каражаттарынын биримдик-байланышы, ошол процесстин техникалык жактан ишке ашырылыш жолу.

Инновация адамдын ар кандай кесиптик ишмердигине мүнөздүү. Инновациялар өзүнөн өзү пайда болбойт, алар алдыңкы педагогикалык илимий изденүүлөрдүн натыйжасы, айрым мугалимдердин жана бүткүл коллективдердин тажрыйбасы.

«Инновация» - эки сөздөн турган термин. Термин катары бул сөздүн колдонулуу чөйрөсү өтө кеңири, бүгүнкү күндө билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. жигердүү пайдаланылып жатат. Биринчи бөлүгү - ин: «ичинен», «өзүнөн» деген маанини, ал эми экинчи бөлүгү - новация: «жаңылануу», «өзгөрүү» түшүнүгүн туюндурат. Демек, анын негизги лексикалык мааниси - өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жаңылануу), жаңылануулары киргизүү». Дене тарбия сабагындагы инновациялык жолдор менен окутууну талдоого алабыз.

Мектептеги физикалык активдүүлүк концентрацияны жакшыртууга, жалпы билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жана стрессти азайтууга жардам берет. Дене тарбия ошондой эле өзүн-өзү жөнгө салуу, жоопкерчилик жана кармануу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

**Негизги сөздөр:** педагогикалык технология, инновация, көнүгүүлөр, машыгуу, физкультура ж.б.

## МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖДЕРДИН СТУДЕНТТЕРИН БЕЙТАПТАРДЫН БААЛУУЛУКТАРЫН ТААНЫП БИЛҮҮГӨ ҮЙРӨТҮҮ

**Ысмайылов Кубатбек Закирович.**
**Ош мамлекеттик университети.**
*k.ysmaiylov_oshsu@mail.ru*

Жогорку жана орто кесиптик окуу жайлардын негизги милдеттери – болчок адистердин кесиптик жана нравалык сапаттарын, алардын чыгармачыл эркиндигин калыптандыруу. Гуманитардык билим берүүнүн башкы маани-маңызы студенттин жөндөмүн, ой жүгүртүү маданиятын, тынымсыз алга карай умтулуусун жогорулатуу болуп эсептелет. Медициналык билим берүү мекемелеринде окуган студенттер, дарыгерлер же болочок медайымдар медицина багытында гана билим алуу менен чектелбестен бейтаптар менен сылык мамиледе болууну дагы өздөштүрүүсү зарыл. Адамга, айрыкча, оорулуу адамдарга болгон аёо сезими, боорукердик, алардын абалын түшүнө билүү дарыгерлер менен медайымдарда күчтүү болушу керек. Жаны ооруп жаткан адамдын көңүлү назик болот, мындай учурда медициналык кызматкерлер ал бейтапты ички жан-дүйнөсүнөн терең түшүнө билүүгө милдеттүү. Болочок медик студенттер медициналык окуу жайды аяктагандан кийин жумушундагы чоң жоопкерчиликтерди эске алуу менен, клиникалык компетенттүүлүктөн тышкары кесиптик - этикалык компетенттүүлүктү да жогорулатуу зарыл экендиги жөнүндө басса-турса ойлонуп турушу керек. Бул жумушта изилдөөнүн предмети болуп медициналык колледждин студенттеринин кесиптик – этикалык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары эсептелет. Изилдөөнүн максаты – медициналык колледждердин студенттеринин кесиптик - этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен бейтаптардын ишенимдерин, диний баалуулуктарын урматтоого үйрөтүүнү аныктоо, педагогикалык шарттарды теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү. Изилдөөлөрдөгү адабияттарга талдоо жүргүзүү, салыштыруу жана окуу процессине байкоо жүргүзүү меттоддору колдонулат. Биз маалыматтарды талдоо менен макалада төмөндөгүдөй негизги класстарды аныктадык: баалуулуктарга ишеним көрсөтүү жана аларды сыйлоо, боорукердик менен иш алып баруу жана адеп-ахлактык мүнөздү өстүрүү, чынчылдык менен бейтаптарга кызмат көрсөтүү, альтруизм жана өзүн-өзү тартипке салуу. Бул изилдөөгө алынган жыйынтыктар болочок медицина кызматкерлердин кесиптик - этикалык компетенттүүлүгү кесиптик баалуулуктар менен гана аныкталбастан, ошондой эле коомдогу жана бейтаптардагы маданий, диний баалуулуктарды жана ишенимдерди урматтоо менен да аныкталгандыгы тастыкталат. Мындан тышкары, болочок медик студенттер башка кесипкөй кызматкерлер менен кызматташуу жана көпчүлүк менен иштөө, ошондой эле моралдык сапаттарга ээ болуу жана кесиптик - этикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу керек экендиги жөнүндө маалыматтар берилет. Медициналык колледждердеги сабактарда кесиптик баалуулуктарды үйрөтүү, команда менен иштөө жана моралдык сапаттарды жогорулатууга окутуучулар тарабынан көбүүрөөк басым жасоо сунушталат.

**Негизги сөздөр:** медицина, колледж студенттерин бейтап баалуулуктар үйрөтүү

## СТУДЕНТТЕРДИ ИЛИМИЙ МАКАЛА ЖАЗУУГА ШЫКТАНДЫРУУ – ЗАМАН ТАЛАБЫ

**Мамарасулова Э.Т.**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университети**
Elviramamarasulova0806@gmail.com
ORCID: 0009-0003-7144-5429

Заманбап эмгек рыногуна креативдүү, сынчыл ойлоно алган, командада иштей алган, коммуникабелдүү адистер керек. Демек, университет аталган касиеттерди калыптандырышы зарыл. Креативдүүлүктү, сынчыл ойломду, командада иштей билгичтикти, тил табыша билгичтикти калыптандыруучу педагогикалык шарттар мезгил-мезгили менен жаңыланып турушу абзел.

Студент университетте тандаган адистигине тийиштүү дисциплиналарды окуу планынын алкагында, аныкталган убакыт аралыгында үйрөнөт. Мындан сырткары, ар бир студент реферат, курстук иш, дипломдук иш аткарышы сунушталат. Өкүнүчтүү жагдай – бардык студенттер буга тартылбайт.

Илимий макала – бул изилдөөнүн жүрүшүн, анын жалпыланган жыйынтыктарын көрсөтүүчү эмгек. Ал аннотациядан, негизги түшүнүктөрдөн, киришүүдөн, негизги бөлүктөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Мындан рефераттын, курстук иштин, дипломдук иштин түзүлүшүндөгү жалпылыктар жана айырмачылыктарды байкоо оор эмес.

**Негизги сөздөр:** курстук иш, студент, илим, билгичтик, сынчыл ойлом, реферат, көндүмдөр, бакалавриат, магистратура, педагогикалык натыйжалуулук.

## ОСНОВНЫЕ ПОНЯТИЯ ДИДАКТИЧЕСКИХ ИГР И ЕЕ ПРИМЕНЕНИЕ НА УРОКАХ ЧТЕНИЯ

***Толобекова Зарема Шаршенкуловна, Мамажанова Алимжан Акималиевна***
tzema@yandex.ru

В данной работе рассмотрены основные понятия дидактической игры как метода обучения и ее применение на уроках чтения в начальных классах. Применение дидактические игр в процессе обучения актуальны в современной обучающей среде. Так как они делают процесс обучения более интересным и захватывающим, на основе игры ученики лучше усваивают материал и это мотивирует их для получения знаний.

*Целью нашей работы* является анализ «дидактической игры» как метода обучения и ее реализация на уроках чтения в начальной школе.

**Методология.** Анализ психолого-педагогической, научно-методической литературы, государственных образовательных стандартов, нормативных документов, материалов научно-практических конференций и анализ источников, предоставленных в Интернет-ресурсах.

Дидактические игры на уроках чтения представляют собой специально разработанные учебные игры, которые помогают учащимся развивать навыки чтения и литературного анализа.

Основные понятия дидактических игр включают: цель игры, задания, форма игры, участники и обратная связь.

*Цель игры.* Цель игры должна быть четко определена и соответствовать учебным целям урока.

*Задания.* Дидактические игры предполагают выполнение определенных заданий, которые помогают учащимся закрепить знания и навыки чтения.

*Форма игры.* Игры могут быть различными по форме: настольные игры, ролевые игры, кроссворды, конкурсы, игры-диалоги и др.

*Участники.* Игры могут проводиться как индивидуально, так и в группах.

*Обратная связь.* После завершения игры важно провести обсуждение результатов и дать обратную связь учащимся.

**Ключевые слова:** дидактические игры, урок чтения, обучение.

# “КЫРГЫЗСТАНДЫН САКУРАСЫ – БАТКЕНИМДИН ӨРҮК ЗАРЫ” МЕТАФОРА КАТАРЫ

**Абайдиллаева Гулзада**

**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети**

Өрүкзар («өрүк» жана «зар» — көп, мол дегенди билдирген мүчө) — өрүк көп өскөн жер. Кыргызстанда Баткен жергеси өрүк зарлары менен даңкталат. Макалада аймактын маданиятына жана экономикасынын факторуна айланган өрүк зардын метафоралык мааниси ачыталат. Автор бул дарактын гүлдөшү көбүнчө сулуулук менен жашоонун өткөөл мезгили менен байланышкан маданияттагы сакуранын символикалык маанисине кайрылат. Кыргызстандагы алча гүлү феномени Баткендеги түшүмдү алдын ала чагылдырган метафоралык көрүнүш катары каралат. Сакура өз кезегинде сулуулуктун, назиктиктин жана убактылуулуктун символу болуп саналат, ал эми гүлдөөнүн түшүм менен байланышы терең маданий жана экономикалык мааниге ээ. Макалада Баткендеги түшүмдүн метафорасы катары гүлдөө феномени да каралып, маданий образдар менен аймактын экономикалык келечегинин байланышы баса белгиленет. Теманын актуалдуулугу феномендин өзгөчөлүгүнө жана анын жергиликтүү коомчулук үчүн маданий-экономикалык көрүнүш катары маанисине негизделет.

**Негизги сөздөр:** Баткен жергеси, өрүкзар, сакура, метафора.

**Баткен шаары – 2024-жыл**